неспроста бытует фраза– гений – 1 процент таланта и 99 процентов усиленного труда над формированием личности, способной реализовать творческий потенциал.

Вполне уместно привести слова Занкова Л.В. «Школьники учатся не ради отметок, которые сведены к минимуму в экспериментальных классах, а из стремления к знанию. Они испытывают удовлетворение от интенсивной умственной работы, рады выполнять трудные задания, как бы идут навстречу тому новому, что предстоит узнать» [4, с. 43].

Говоря о роли дополнительного образования, развитию которого стали уделять внимание не только педагоги, методисты, следует отметить, что в сфере системы образования оно признано важной необходимостью и возможностью для социализации ребенка, его самовоспитания, самоопределения, но однако, дополнительное образование рассматривается лишь как часть вариативного подхода к развитию общего среднего образования.

Данный подход к определению и развитию дополнительного образования к формированию личности, способной успешно существовать в современном развивающемся обществе, на наш взгляд, может быть направлен на поиск эффективнейших методов обучения и воспитания, учащихся в системе образования, как в урочное, так и во внеурочное время.

***Литература***

*1. Аканбаева С.К. Качественное образование-проблемы и пути решения // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. – 2014. – № 8-4. – с. 134-135; URL:https://applied-research.ru/ru/article/view?id=5721. (дата обращения: 10.10.2022)*

*2. Евладова Е.Б., Логинова Л.Г., Михайлова Н.Н. Дополнительное образование детей / Е.Б., Евладова, Л.Г. Логинова, Н.Н. Михайлова. – М.: Издательство: Владос, 2004. – с.14.*

*3. Дополнительное образование детей в России: единое и многообразное // Под ред. С.Г. Косарецкого, И.Д.Фрумина. - Издательский дом Высшей школы экономики. - М., 2019. – с. 14.*

*4. Занков. Л. В. Избранные педагогические труды / Л.В.Занков. - М., 1990. –с.43*

*5. Закон Кыргызской Республики от 30 апреля 2003 года, № 92. «Об образовании» - [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg › act › view › ru-ru.. –с.1; с.5. (дата обращения: 08.10.2022)*

*6. Секиева Н.А. Историко-философский анализ понятия «Духовность» // Вестник БГУ. -2021. -№4 (58). – с. 54.*

---

***УДК: 373:159.123.***
***DOI 10.35254/bhu/2022.61.26***

***Мэлсбек Н.,***
*К. Карасаев атындагы*
*Бишкек мамлекеттик университети*

# АЗЫРКЫ МЕКТЕПТЕРДЕГИ ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ДЕВИАНТТУУ ЖҮРҮМ-ТУРУМУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН ПРОФИЛАКТИКА КАТАРЫ АЛДЫН АЛУУ

***Кыскача мазмуну***

*Өспүрүмдөрдүн девианттуу жүрүм-турумун алдын алуу-бул процесстин негизги мыйзамына кирген, психологиялык жана педагогикалык өзгөчөлүктөрү, ченемдүүлүктөрү, социалдык чөйрөнүн мүнөздөрү, мүмкүнчүлүктөрү, муктаждыктары, кызыкчылыктары, алардын дүйнө таанымы, жөндөмдүүлүктөрү, ар бир өспүрүмдүн жеке өзгөчөлүктөрү жана үй-бүлө жагынан өспүрүмдөрдүн билиминин абалы болуп саналат.*

*Макаланын жыйынтыгында, девианттуу жүрүм-туруму бар балдар менен иштөөдө, биринчи иретте муну түшүнүү керек экени аныкталып, профилактика учурунда эффективдүү иштеш үчүн, психологиялык-педагогикалык системасын таасири талап кылынары зарыл түрдө болду. Ошондуктан, балдар жана девианттуу жүрүм-туруму бар өспүрүмдөр менен иштеген адистердин ишмердүүлүгү, биринчи кезекте аларды социалдык жагынан жүрүм-турумун толеранттуу шарты менен түздөө жана коомчулукта инсандын өзүнө да, зыян келитирбегендей кылып калыптандыруу керек.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *девианттуу жүрүм-турум, өспүрүмдөрдүн социалдаштыруусу, ыкмалары, формалары, алдын алуу иш-аракети, алдын алуу, оңдоо иштери, методдору, психологиялык-педагогикалык концепциясы жана профилактикасы.*

***Мэлсбек Н.***
*Бишкекский государственный*
*университет им. К.Карасаева*

# ПРОФИЛАКТИКА ДЕВИАНТНОГО ПОВЕДЕНИЯ ПОДРОСТКОВ В СОВРЕМЕННЫХ ШКОЛАХ

***Аннотация***

*Профилактика девиантного поведения несовершеннолетних – это комплекс мероприятий, направленных на его предупреждение. А также профилактика девиантного поведения подростков базируется на учете основных закономерностей данного процесса, характера социальной среды, психолого-педагогических особенностей подросткового возраста, индивидуальных свойств, возможностей, потребностей, интересов каждого подростка, его мировоззрения, способностей, состояния семейного воспитания.*

*В статье акцентируется внимание на том, что при работе с детьми с девиантным поведением в первую очередь необходимо корректировать их поведение, проявлять толерантность, формировать их личность не причиняя вреда.*

***Ключевые слова:*** *девиантное поведение, социализация подростков, методы и формы, коррекционная работа, психолого-педагогическая концепция, профилактическое воздействия, профилактика, специалист, педагог.*

***Melsbek N.,***
*Bishkek state*
*University af. K.Karasaev*

# PREVENTION OF DEVIANT BEHAVIOR OF ADOLESCENTS IN MODERN SCHOOLS

***Abstract***

*Prevention of deviant behavior of minors is a set of measures aimed at its prevention. And also, the prevention of deviant behavior of adolescents is based on taking into account the main patterns of this process, the nature of the social environment, the psychological and pedagogical characteristics of adolescence, individual characteristics, capabilities, needs, interests, of each teenager, his worldview, abilities, state of family education.*

*In the abstract of the article, it is determined that when working with children with deviant behavior, it is first necessary to understand this, and it is necessary to influence the psychological and pedagogical system in order to work effectively with them in prevention.*

*Therefore, the activities of specialists working with children and adolescents with deviant behavior should first of all correct their behavior, treat them with tolerance, shape them in such a way that they do not harm either society or the individual himself.*

***Keywords:*** *deviant behavior, socialization of adolescents, methods and forms, correctional work, psychological and pedagogical concept, preventive influence, prevention, specialist, teacher.*

Азыркы жыйырма биринчи кылымдагы жашоонун бардык жактарын камтып, коомдогу адамдардын ишмердүүлүгүнүн көптөгөн тармактарын өркүндөтүүгө түрткү берген позитивдүү өзгөрүүлөрү түп-тамырынан бери өзгөрүп келе жаткан өзгөрүүлөрдүн шартына карабастан, ошондой эле бир нече катар терс тенденциялар да күч алууда.

Мисалы алганда дүйнөдөгү кээ-бир өнүгө албаган өлкөлөрүбүздө социалдык-экономикалык туруксуздук, жумушсуздук, көптөгөн адамдардын жашоодогу деңгээлинин төмөндөшү, социалдык-психологиялык дезориентация жана адаптация, жалпы адамзаттык адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктарга суроо-талаптын кескин төмөндөшү, оор кылмыштуу кырдаал, социалдык институттардын ишмердүүлүгүнүн начарлашы билим берүү ж.б. келип чыккандыктан, социалдык-маданий кырдаал аракечтик жана баңгилик, моралдык деградация, кылмыштуулуктун жашарышы ж.б.у.с. азыркы коомдо көбөйүүдө. Ошол эле учурда өспүрүм курактар, социалдык жана психологиялык катаклизмдерге эң сезимтал болууда. Дал ушул куракта жашы жете электер арасындагы кылмыштуулуктун башаты көбүнчө агрессивдүү, тартипсиздик, конфликт, өзүн кармай албоо сыяктуу жүрүм-турум мүнөздөмөлөрү кескин көбөйүп өсүүдө. [1, 6-20 б.]

Мындай тынчсыздандырган тенденциялар мамлекеттин жана коомдун бардык социалдык институттардын социалдык-профилактикалык ишмердүүлүгүн кайра карап чыгууну жана өркүндөтүүнү чукул арада талап кылууда. Ошол себептен, өспүрүмдөрдүн девианттуу жүрүм-турумунун калыптануу өзгөчөлүктөрүн аныктоо, анын социалдык-педагогикалык жактан алдын алуунун жана коррекциялоонун эффективдүү жолдорун табуу, тарбиялык-профилактикалык иштердин интегралдык системасын иштеп чыгуунун маселелери барган сайын актуалдуу болуп баратат.

Бул маселелерди оңунан чечүү, жетектөөчү ролун туура алпарып, коомдун адеп-ахлактык бакубаттуулугун аныктоо үчүн, социалдык институттарынын биринен болуп, бул негизгиси, мамлекет тарабынан жалпы билим берүүчү мектепке таандык болууда. Себеби жалпы билим берүүчү мектептин иш-аракети бул үй-бүлөнүн,

коомдук тарбиянын кемчиликтерин калыптанып келе жаткан инсанга айлана-чөйрөнүн терс таасирин, балдардын жана өспүрүмдөрдүн ар кандай типтерге киришин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө оңдоо жана түздөө, зарылчылыгы менен көбүрөөк байланышканга аракеттенүүсүн билдирүү.

Бирок тилекке каршы, азыркы массалык практикада педагогикалык жамаатта өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүндөгү конкреттүү жагдайлар жана алардын көйгөйлөрү, алардын жакынкы чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү, көптөгөн оор окуучуларды үй-бүлөдө тарбиялоонун шарттары жөнүндө маалыматы жок болгон учурлар көп кездешип, жана бул социалдык институттар менен кызматташуусу жетиштүү колдоого алынбай жатканын билинүүдө.

Мугалимдердин оор өспүрүмдөр менен болгон мамилеси көбүнчө тыюу салуучу, атүгүл жазалоочу таасир этүүчү чараларга чейин жетет, алар девианттык жүрүм-турумдун себептерин гана жок кылбастан, тескерисинче, өспүрүмдөрдүн аффективдүү абалынын өнүгүшүнө көмөктөшүп, социалдык терс жүрүм-турум актылары жана жүрүм-турум формалары алып келүүдө. Себеби өспүрүмдөрдүн мектепке баруусун өз алдынча токтотуу, ошондой эле жалпы билим берүү мекемесинин уставын одоно жана бир нече жолу бузгандыгы үчүн, мыйзамсыз аракеттерди жасагандыгы үчүн окуудан четтетүү жана башка фактылар бар болгон. Алсыз, толук эмес жалпы билими бар, өз алдынча эмгек жана башка мамилелерге кирген өспүрүмдөр жеңе алгыс кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн, алар барган сайын жаңы көйгөйлөрдү жаратып жатат. Окуялардын мындай өнүгүшүнүн табигый натыйжасы катары педагогикалык тарбия жактан кароосуз калган студенттердин санынын интенсивдүү өсүшү байкалууда. [2, 282-285-б.]

Бирок, маселенин тереңдиги жана курчтугу, өспүрүмдөрдүн девиантты жүрүм-турумунун алдын алуу боюнча мектептик педагогикалык коллективдердин иш-аракетинин маселелерин жетишсиз иштеп чыгуу карама-каршылыктарды чечүүнүн зарылдыгын туудуруп жатат:

а) өспүрүмдүн инсандыгын өнүктүрүүнүн заманбап талаптары менен жалпы билим берүүчү мектептин окуу-тарбия процессинде девиантты жүрүм-турумдун алдын алуу маселесинин жетишсиз илимий жактан иштелип чыгышынын ортосунда;

б) билим берүү процессин гумандаштыруунун уламдан-улам актуалдуу тенденциясы менен өспүрүмдүн инсандыгын калыптандырууга үстөмдүк кылган «мектеп-борбордук» мамиленин ортосунда.

Бул карама-каршылыктар өспүрүмдөрдүн девиантты жүрүм-турумунун пайда болуу себептерин жана механизмдерин изилдөөдөө, бул көрүнүштүн алдын алууга көмөктөшүүчү педагогикалык шарттарды аныктоо, педагогикалык жамааттын ишин уюштура турган изилдөө проблемасын түзүүгө мүмкүндүк бере турган, өспүрүмдөрдүн девиантты жүрүм-турумунун алдын алуу үчүн жалпы билим берүүчү жай, албетте бул мектеп.

Ошондуктан мектептерде девианттуу жүрүм-турумдун алдын алуу эң маанилүү болуп саналат. Орто мектептерде билим берүүнүн заманбап шарттарын жана жаңы талаптарды коюп, алардын алдында уюштуруунун жаңы методдорун жана формаларын киргизип издештирип, билим берүүнүнүн милдети катары турат.

Бүгүнкү күндө ар бир мугалимдин ролуна, билим берүү процессинин этабына көп көңүл бурулууда. Буга байланыштуу, мугалим түшүнүү менен билим берүү жана өз ара аракеттенүү түрүндөгү өзгөрүүлөрдү кабыл алып, окуучулардын ар түрдүү категорияры менен эффективдүү ишти уюштуруу жана анын ичинде да девианттык жүрүм-турумга жакын студенттер менен иш алпаруу керек. Бирок, бул категориядагы балдарга атайын даярдалган мугалимдер менен иштешсе жакшы болмок. [3, 347-б.]

Бул фактыга байланыштуу, девианттуу жүрүм-туруму бар балдар жана өспүрүмөр менен иштөө үчүн, девиантты жүрүм-турум деген эмне, анын кандай формалары бар, бул жүрүм-турумунун себеби эмнеде деген түшунүк керек.

Ошондой эле “кыйын” балдар жана өспүрүмдөр менен иштеген адис үчүн, психологиялык-педогокалык диагностикасынын ыкмаларын өздөштүрүү бул абдан зарыл, андан кийин, жашы жетпегендердин жекече өзгөчүлүктөрүн изилдөө жана мындай балдар менен түзөтүү, корекциялоо жана тарбияялоо иштеринин жолдорун калыптандыруу керек.

“Мындай жолдордун бири-социялдаштыруу. Социализация-бул биринчи кезекте татаал, көп баскычтуу категориядагы өспүрүмдөр, ошондой эле аларды коомго кайтарууга багытталган аракеттердин системасы. Ал башкалар менен мамилерди кантип куруу, жана адамадар менен дүйнөнү билүү, анын ичиндеги четтөөлөрдү алдын алууну оңдоону жана алардын өнүгүсүн камтыйт. Ал үчүн биринчи иретте ата-энелердин, психологтордун, социалдык мугалмдер жана класс жетекчилери менен девианттык жүрүм-турумду бир багыттар аркылуу эрте оңдоо боюнча туура чараларды көрүү зарыл, аныктама боюнча: баланын жөндөмдүүлүн жана анын келечегин аныктоо, балага жалпы колдоо көрсөтүү; сабактан кийин бош убакыттты уюштуру; ондоону талап кылган комлестерди изоляциялоо; жеке оңдоо программаларын даярдоо жана аларды ишке ашыруу”.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму, алдын алуу концепциясын иштеп чыгу боюнча, биринчилик, экинчилик жана үчүнчү даражадыгы профилактикасына бөлгөн.

Баштапкы профилактикасын алдын алуу-бул адатта балдардын жана өспүрүмдөрдүн алардын кенири чөйрөсүндө жүрүм-турумун жалпы социалдык-укутук нормоларын ишке ашырып жана калыптандырууга багытталган, ошондой эле балдардын жана өспүрүмдөрдүн терс факторлорунун таасирине каршылык көрсөтүүсүнө салым кошуп, девианттык жүрүм-турумун калыптандырууга тийиш. [4, 29-35-б.]

Экинчи профилактыка учурунда өспүрүмдөрдүн нейропсихиатриялык өнүгүсүндөгү бузулуулар аныкталып коррекцияланат, ошондой эле жашы жете электердин девиантты жүрүм-турумуна тенденциясы барларга кошумча иш жүргүзүү керек.

Үчүнчү профилактикасынын милдети, нерв-психикалык ооруларын дарылоо керек, жүрүм-турумдун бузулушун пайда кылган бузулууларды, жана ошондой эле калыптанган рецидивдеринин девиантты бар өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумун алдын алуу, жана азыркы коомдо аларды социалдаштуурусу болуп саналат.

Көптөгөн изилдөөлөр табылып белгиленген, анда эң эффективдүү прфилактикалык иши, качан кандай шарттарда жана себептерде жок кылганда, ошондой эле андан кийин качан девиантты жүрүм-туруму анын өнүгүүсүнүн баштапкы этабында болуп турганда.

Эрте этапта ыктылуукту аныктоо үчүн, жашы жете электерге девианттык жүрүм-турумдун ар кандай формаларына өтүү зарыл ар кандай диагностикалык ыкмаларды колдонуу: байкоо, анкета, проективдүү жана тесттик методдор.

Негизги профилактикалык иштерди, жашы жете электердин арасында ийгиликтүү жүргүзүүнүн, анын негизги принциптерин сактоо зарыл:

➢ татаалдыгы;

➢ ыраттуулук;

➢ өз убагында болуу;

➢ максаттуу, дифференциациялоо (индивидуалдуулукту эске алуу өзгөчөлүктөрү);

➢ массалык мүнөз (иштин топтук формаларын колдонуу)

➢ позитивдүү маалыматты колдону;

➢ терс таасирлерди минималдаштыруу;

➢ катышуучулардын жеке кызыкчылыгы жана милдети;

➢ инсандын максималдуу актидүүлүгү;

➢келечекте умтулуу (жүрүм-турумдун кесепеттерин баалоо, жаңылоо позидивдүү баалуукттарды жана максаттарды, келечекте девиантты жүрүм-турумду кыйшаюсуз пландаштыруу).

Девианттуу жүрүм-туруму бар балдар менен иштөөдө, биринчи иретте муну түшүнү керек, эфективдүү иштеш үчүн, психологиялык-педагогикалык системасын таасири талап кылынат. Мугалмидин иш-аракети окуучунун жүрүм-турумуна, анын сезимдерине жана эмоцияларынына таасирин тийгизип, коомдук чөйрөсүндө, жана ошондой эле позивдүү баалуулуктарын калыптандыруу зарыл. [5, 221-б.]

Мен белгилегим келет, жардам берген мугалимдин бала менен өз ара байланышкан иш-аракеттерин ыкмалары бар экенин, себеби мугалмидин коомдо тажрыйбасы чоң, баланы социалдаштыруу жана реабилитациялоо үчүн позитивдүү көмөктөшүү менен аракеттенүү керек, тажрыйбасында чоң салымы бар экенин билдирип, салым кошсо болот.

В.П Кащенко девианттуу жүрүм-туруму бар балдарга, мугалимдин иш-ыкмаларынын мотоддорун төмөнкүдөй калассификациясын сунуштаган:

| Педагогикалык методдор: | Психотерапия ыкмалары: |
|---|---|
| 1. Коомдук таасир көрсөтүү ыкмалары:<br>а) активдүү-эрктүү кемчиликтерди оңдоо;<br>б) коркууларды оңдоо;<br>в) көз жаздымда калтыруу ыкмасы;<br>г) сергек күлкү маданиятынын ыкмасы;<br>д) интрузывдүү ойлорду жана аракеттерди коррекциялоо;<br>е) тентектикти оңдоо;<br>ж) өзүн-өзү оңдоо.<br>2. Атайын же жеке педагогикалык методдор.<br>3. Эмгек жолу менен оңдоо ыкмасы.<br>4.Балдарды рацианалдуу уюштуруу командасы менен ондоо ыкмасы. | 1. Сунуш жана өзун-өзү сыйлоо.<br>2. Гипноз.<br>3. Ынандыруу ыкмасы.<br>4. Психоанализ. |

Профилактикалык алдын алуу иштеринде ошондой эле, бардык себептеринде, аныктоо жана иликтөө маанилүү ролун ойнойт. Инсандын жана жеке адамыдын социалдык жагдайларын аракеттерин, аларыдын жүрүм-турум механизимдерин аныктап, социалдык-укуктук жалпы нормалардан четтеп алган.

Жашы жетелек балдар менен өспүрүмдөрдүн турмушундагы бардык тармактарында прфиликтикалык иштерин жүргүзүү зарыл экенин билдирет.

Тартип бузуулардын татаалдыгына байланыштуу, өспүрүмдөрдүн девиантты жүрүм-турумун натыйжасында, алдын алуу уюшкан комлексттик профилактикалык иш-чаралыры талап кылынат, анын ичинде медициналык, психологиялык, педагогикалык жана социалдык.

Ошондуктан, балдар жана девианттуу жүрүм-туруму бар өспүрүмдөр менен иштеген адистердин ишмердүүлүгү, биринчи кезекте аларды социалдык жагынан жүрүм-турумун толеранттуу жолу менен оңдоп, коомдо, инсандын өзүнө да, зыян келитирбегендей кылып калыптанндыруу керек. Ошол эле учурда мугалим эстеп калуусу керек, мындай жүрүм-турумдун калыптандыруусу, биринчиден балага ишеничтүү мамиле жасоого жана аны чоңдордун дүйнөсү кандай болсо, ошондой кабыл алууга өбөлгө түзүү керек. Андыктан балдар конкреттүү адамдар үчүн да, бүткүл жалпы коом үчүн да керек экенин, өздөрүн сезишип, маанилүү экенин түшүнүү керек. [6, 1-35- б.]

***Адабияттар***

*1. Молчанов С.Г. Современный ребенок. Современный родитель. Современный педагог. /С.Г. Молчанов // Детский сад. – 2018. - №5. – С.6-20.*

*2. Давыдова А.В. Формы и методы социализации подростков, склонных к девиантному поведению в современном обществе / А.В. Давыдова // Общество и право. – 2011. - №2(34). – С. 282-285.*

*3. Божович Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте. / Л.И.Божович. — М.: Просвещение, 1968. - 347 с.*

*4. Бондаревская Е.В. Ценностные основания личностно-ориентированного воспитания / Е.В.Бондаревская. // Педагогика, 1995. - № 4. - С. 29-35.*

*5. Беличева С.А. Основы превентивной психологии. / С.А.Беличева. - М.: РИЦК Социальное здоровье России, 1994. - 221 с.*

*6. Белкин А.С. Проблема раннего предупреждения отклонений в нравственном развитии и поведении школьников / А.С.Белкин // Советская педагогика. 1981. -№3. - С. 31-35.*